# Жийде бурак

Сөзү: Эгемберди Эрматов
Обону: Мирланбек Давлатов
Аткаруучу: Мирланбек Давлатов

Ойлогон сайын өзүңдү жаным,
Санага чөгүп өзөгүм  жалын.
Күлкүңдү эстеп күйүттө калдым,
Болосун качан өмүрлүк жарым.

Жымындаган көздөрүң жылдыздай жанат,
Ширин-ширин сөздөрүн бал болуп тамат.
Көздөрүң-сөздөрүң жүрөктө жашайт,
Көздөрүң-сөздөрүң жүрөктө жашайт,

Сени эстеп тарттым азапты,
Жүрөктөн сыздап жаш акты.
Көрүнбөй кеттиң сагынтып,
Көмүскө жайып тузакты.

Ээй кара көздүү ширин сөздүү жийде бурагым,
Бактылуу бактылуу күндөр узакпы.
Айтчы
Бактылуу бактылуу күндөр узакпы,

Сырдашым болуп жанымда жүргүн,
Аяймын сени өмүрлүк гүлүм.
Жылмайып күлүп назданып сүйүп,
Максатка жетип ачылсын гүлүң.

Кайырма: